***КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ***

Билим Берүүдөгү Заманбап Информациялык Технологоиялар Институту

Талас кесиптик колледжи

**«Бекитемин»**
ББЗИТИнин Талас кесиптик
колледжинин директору
Г.К.Дыйкамбаева ______
«____» ______2024 жыл

**«Макулдашылды»**
ББЗИТИнин кенешменин башчысы
М.Ы.Рыскулова _________
«____» ______2024 жыл.

**ЖУМУШЧУ ПРОГРАММА**

**«Адистикке киришүү» предмети боюнча**

**Адистиги: “Башталгыч класстарды окутуу” шифр 050709**
**Окуу формасы: *кундузгу***

| | Семестр | Саттардын көлөмү |
|---|---|---|
| Курс | 3 | |
| Семестр | 6 | |
| Зачет | - | |
| Экзамен | | |
| Лекция | | 18 |
| Лабораториялык сабак | - | |
| Практикалык сабак | | 12 |
| Өз алдынча иштөө | | 30 |
| Модулдар | | 1//2 |
| Курстук иш | - | - |
| Жалпы: | | 60 |

**Иштеп чыккан октуучу: Аблаева К.А _______**

**Методикалык кеңешменин отурумунда талкууланган жана бекитилген**

**Протоколдун № « ____ _____2024 ж.**

**Талас 2024 ж.**

## ПРЕДМЕТТИН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТИ

**Дисциплинанын максаты:**

Келечектеги педагогдорду бир бүтүн педагогикалык процесстин технологиялары менен тааныштыруу жана мугалимдик кесипке кызыгуусун калыптандыруу;
-студенттерди мектепке чейинки билим берүүчү педагогдун кесиптик ишинин мүнөзү жана өзгөчөлүктөрү жөнүндө баштапкы билим менен куралдандыруу;
-педагогдун кесиптик ишинин негиздерин үйрөтүү;
- жалпы билим берүүдө окутуунун заманбап технологиялары жөнүндөгү илимий билимдердин системасына ээ кылуу;
- окутуу жана тарбиялоо процесси боюнча теориялык жана практикалык билимдер менен куралдандыруу;
- келечектеги мугалим-тарбиячылардын педагогикалык ишмердүүлүгүн калыптандыруу.

**Дисциплинанын милдети:**

**-** Студенттердин келечектеги кесиптик ишине чыгармачылык мүнөздү калыптандырууга өбөлгө түзүү;
- студенттердин өз алдынча, билим берүү жана илимий иштерге аң-сезимдүү жана активдүү катышуусун стимулдаштыруу.
- мектепке чейинки билим берүү чөйрөсүндө иштөө үчүн зарыл болгон кесиптик билимди жана көндүмдөрдү өздөштүрүүгө карата мамилени калыптандыруу;
- өз билимин өз алдынча толуктай билүүгө үйрөтүү;
-иш практикасында педагогика илиминин жетишкендиктерин пайдалануу, өз алдынча педагогикалык ишин жүргүзүүгө үйрөтүү;
-өз ишине чыгармачылык менен мамиле жасоого үйрөтүү.

-

## ОКУУ САБАКТАРЫН ЖҮРГҮЗҮҮ ФОРМАСЫ, ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

Предметтин мазмуну окуу процессин уюштуруу аркылуу ар кандай формасы менен ишке ашат - лекция, практикалык, семинардык сабак жана студенттердин өз алдынча иштөөсү (жумушчу программада каралган).

Студенттердин өз алдынча иштөөсү аудиториялык сабакта жана сабактан (практикалык тапшырмаларды аткаруудан) тышкары да даярдануу аркылуу ишке ашырылат.

**Сабакты өтүү технологиялары жана методдору:**

Өтүлүүчү сабактын максаты коюлат , окуу материалдарынын мазмуну окутуунун принциптерин эске алуу менен студенттерге сунушталат.Окуу процессинде окутуучунун иш аракети-маалымат берет, жардам көрсөтөт, кызматташат, ынандырат, кызыктырат, стимулдаштырат. Студент - кызыгып окуйт, чыгармачылыкты, демилгелүүлүктү көрсөтөт, окутуучу менен кызматташат.

Окуу процессинде окутуунун интерактивдүү методдору кенири колдонулат.

**Адистик акыл өнүгүүнүн натыйжасында пайда болгон компетенциялар:**

**Предметти өздөштүргөндөн кийин пайда болуучу компетенциялар:**

| | |
|---|---|
| ЖК-1 | Өздүк ишмердүүлүгүн уюштура билүү, кесиптик милдеттерди аткаруунун методдорун жана жолдорун тандап, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалай билүү |
| ЖК-2 | кесиптик милдеттерди натыйжалуу аткаруу, кесиптик жана инсандык өнүгүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды издөө, чечмелөө жана колдонуу |
| ЖК-3 | Кесиптик иш-аракеттерде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу |
| ЖК-4 | Өзүнүн жеке жана кесиптик өнүгүүсүн башкаруу, кесиптик ишмердүүлүктөгү эмгек шарттарындагы жана технологиялардагы өзгөрүүлөргө ылайыкташуу |
| ЖК-5 | Көйгөйлөрдү чечүү, стандарттуу жана стандарттуу эмес кырдаалда чечимдерди кабыл алуу, демилгени жана жоопкерчиликти көрсөтүү |
| КК-1 | Келечектеги кесиптин маңызын жана социалдык маанисин түшүнүү, ага туруктуу кызыгууну көрсөтүү |
| КК-2 | Баланын укуктары жана чоңдордун балдарга карата милдеттери жөнүндө негизги документтерди, мектепке чейинки балдарды өнүктүрүү, тарбиялоо жана тарбиялоо боюнча ченемдик документтерди өзүнүн кесиптик ишин де колдоно билүү |
| КК-3 | Мектепке чейинки курактагы балдарды окутуунун жана тарбиялоонун максаттарын, милдеттерин, мазмунун, принциптерин, формаларын, методдорун жана каражаттарын, балдардын ишмердигинин ар кыл түрлөрүнөн өнүктүрүү методикаларын билүү; балдарды педагог ишмердиктин кайсы түрлөрүнө үйрөтсө, ошол түрлөр боюнча билгичтиктерге ээ болуу |
| КК-4 | Мектепке чейинки курактагы балдар менен өз араарakеттене билүү, баланын билиминин жана тарбиясынын деңгээлин изилдөөнүн, анализдөөнүн негизинде эрте жана мектепке чейинки  курактагы балдар менен иштөөдө инсанга багытталган мамилени жүргүзүү |
| КК-5 | Эрте жана мектепке чейинки курактагы баланын ийгиликтүү өнүгүүсүнүн шарты катары баардык балдарды өнүктүрүү жана жардам берүү, баарлашуу да жагымдуу психологиялык атмосфера түзүү максатында балдар психологиясынын негиздерин колдонууга даярболуу. |
| КК-6 | **Мектепке чейинки билим берүү мекемесинде белгиленген күн тартибинин жана сабактардын графигинин аткарылышын камсыз** |

| | |
|---|---|
| | **кылууга даяр болуу; мектепке чейинки билим берүү уюмунда балдардын маңыздуу жашоосун уюштуруу** |

**Күтүлүүчү жыйынтыктар :**

| Компетенциялар | Билет | Алат | Жөндөмгө ээ |
|---|---|---|---|
| Социалдык инсандык жалпы маданий | Мектепке чейинки мезгилдин баалуулугу жөнүндө.<br><br>Балалык мезгилдин маанисин, мектепке чейинки билим берүү системасын өнүктүрүүнүн өзгөчөлүктөрү жөнүндө маалымат | Педагогикалык өз ара аракеттенүү процессинде инсандын өнүгүүсүндө мектепке чейинки мезгилдин кайталангыстыгын эске алуу: | Инсандын адеп-ахлактык жана кесиптик сапаттарына ээ.<br><br>Балалык мезгилдин маанисин билүү менен мектепке чейинки билим берүү системасын өнүктүрүүнүн өзгөчөлүктөрү жөнүндө маалымат менен андан ары өнүктүрүү. |
| КЕСИПТИК КОМПЕТЕНЦИЯ | Билим берүүнүн ар кандай баскычында педагогдун кесиптик ишинин өзгөчөлүктөрү<br>Өз алдынчалуулукту жана чыгармачылык активдүүлүктү өнүктүүрүүгө өбөлгө түзүүчү заманбап методикаларды жана технологияларды колдонот. | Педагогдун өзүн-өзү тарбиялоо программасын иштеп чыгуу.<br><br>Негизги маалыматтык педагогикалык билгичтиктер. | Балдардын педагогикалык иште жетишкендиктерин алуучу булактарды издөөнүн заманбап усулдарын пайдалануучу. |

Курсту **окуп үйрөнүүнүн натыйжасында** студент төмөнкүдөй **компетентүүлүктөргө** ээ болот.
Кесиптик өзгөчөлүктөрүн терең өздөштүрөт;
Азыркы учурдагы билим берүүнүн талаптарына ылайык билим берүүчү уюмдардын окуу программалары жана окутуунун мазмуну жөнүндөгү билимдерге ээ болот;
Окуу процессинде окутууну жана тарбиялоону уюштура алат, инновациялык методдорду колдонууга жөндөмдүү болот.

**БИЛИМДИ ТЕКШЕРҮҮ ФОРМАСЫ**

Билимге баа берүү – системалуу жараян, ал алдын ала пландаштырылганга бар болгон билим, билгичтик, көндүмдүн ылайык келүү даражасын аныктоодон турат. Баа берүүнүн биринчи керектүү шарты: билим берүү максаттарын пландаштыруу; ансыз жетишилген

натыйжаларды талдоо мүмкүн эмес. Экинчи керектүү шарт – билимдин чыныгы деңгээлин аныктоо жана аны берилген менен салыштыруу.

Баа берүү жараяны төмөнкү компоненттерден турат: окутуунун максатын аныктоо; ушул максатка жетүүсүн текшерген тапшырмаларды тандоо; баа же текшерүүнүн жыйынтыктарын билдирген башка ыкма. Баа берүүнүн бардык компоненттери өз ара байланышта жана ар бири бардык кийинкиге таасир этет.

Коюлган максатка жараша көзөмөлдөө программасы түрдүү түзүлөт, ар түрдүү типтеги суроолор жана тапшырмалар тандалат. Бирок, билимдерге баа берүүнүн болжолдуу ченемдерин колдонуу студенттин билимине жана билгичтигине баа берүүгө окшоштукту киргизип, аны көбүрөөк объективдүү кылса болот. Болжолдуу ченемдер негиз боло алат, аны пайдалануу менен окутуучу студенттердин билимдерин жана билгичтиктерин баалайт.

Предметти окутуу процессинде текшерүүнүн төмөнкү түрлөрүн колдонуу максатка ылайыктуу: окутуу башталардагы текшерүү, учурдагы текшерүү (модулдук текшерүү), орто аралык аттестация ( жыйынтыктоочу текшерүү).

Студенттердин жетишүүсүн учурдагы текшерүү - семестр ичиндеги оперативдүү текшерүү жана тийиштүү дисциплиналарды модулдар,тестирлөө, оозеки суроо, рефераттар, докладдар түрүндө үйрөнүү процессинде логикалык жактан бүткөрүлгөн бөлүмдөрү (модулдар жана главалар) боюнча студенттердин билим денгээлин жана окуу материалынын өздөштүрүүсүнүн даражасын баалоо.

Аралык текшерүү – бардык студенттер үчүн ар бир предметтик модулда өтүлгөн материал боюнча алардын алган билимдерин баалоо.

Студенттердин жетишүүсүн орто аралык аттестациясы ( орто аралык аттестация) - семестр аяктаганында (экзамендик сессия убагында) окуу планы тарабынан ушул семестрде үйрөнүлүшү каралган дисциплиналар боюнча экзамендерди кабыл алуу жолу менен милдеттүү текшерүү.

Ар бир модулда минималдык жана максималдык балл аныкталат.Модуль боюнча максималдык балл өтүлгөн материалдын 100% өздөштүрүүсүнө барабар болот.. Ар бир модулдагы минималдык балл милдеттүү жана ал башка модулдун баллдары менен толукталбайт. Прдметтин ар бир модулу боюнча минималдык балл 56 баллды, ал эми максималдык балл – 100баллды түзөт. Он жыйынтыкка ээ болуу үчүн 56 баллдан кем эмес балл топтоо керек (бардык бөлүктөрдүн минималдык баллын эске алуу менен).

Баллды академиялык баага которуу төмөнкү схемада ишке ашырылат: «канаттандыраарлык» - 56-65 балл, «жакшы» - 66-80 балл, «эң жакшы» - 81-90 балл.

## Студенттердин билимин баалоо системасы, формалары жана предметтин модуль-рейтинг картасы

Баллды академиялык баага которуу төмөнкү схемада ишке ашырылат: «канаттандыраарлык» - 56-65 балл, «жакшы» - 66-80 балл, «эң жакшы» - 81-90 балл.

**Баллды бөлүштүрүүнүн модулдук-рейтингдик картасы**

| Модулдун аты, иштердин түрү жана текшерүү формасы | | Рейтинг - балл | |
|---|---|---|---|
| | | минимум | максимум |
| Дисциплиналык модуль №1 | 1.1 Лабороториялык, практикалык же семинардык сабак (оозеки суроо, отчеттор, коллоквиум ж.б.) | 27 | 45 |
| | 1.2 Өз алдынча ишти аткаруу (контролдук иш, реферат, тест, презентация жасоо ж.б.) | 29 | 55 |
| | Учурдагы текшерүү №1 | 56 | 100 |
| Дисциплиналык модуль №2 | 2.1. Лабороториялык, практикалык же семинардык сабак (оозеки суроо, отчеттор, коллоквиум ж.б.) | 27 | 45 |
| | 2.2 Өз алдынча ишти аткаруу (контролдук иш, реферат, презентация жасоо ж.б.) | 29 | 55 |
| | Учурдагы текшерүү №2 | 56 | 100 |
| | Сабакка активдүүлүгү, катышуу, жетишүү | 0 | 10 |
| | Орто аралык аттестация | 0 | 10 |

**Дисциплина боюнча рейтингди академиялык бааларга өткөрүү шкаласы**

| Дисциплина боюнча рейтинг | ***ECTS системасы*** | Академиялык баа |
|---|---|---|
| 0 – 25 | ***J*** | ***Келген жок*** |
| 25 – 55 | ***F*** | ***Канааттандыраарлык эмес*** |
| 56–60 | ***C-*** | ***канааттандыраарлык*** |
| 61– 65 | ***C*** | |
| 66 – 70 | ***B-*** | ***жакшы*** |
| 71– 80 | ***B*** | |
| 81– 90 | ***A-*** | ***Эң жакшы*** |
| 91-100 | | |

**Эскертүү**: Студенттин модулдардын жыйынтыгы менен алган баалы оң баага татыктуу болсо, бааны «автоматтык» түрдө ала алат. Окутуучу орто аралык аттестацияда студентке бааны коюп берет.

**Кошумча белги:** Модулдардын жыйынтыгы менен, студент оң баа ала турган баллга татыктуу болсо, анда ал ошол бааны орто аралык аттестацияга катышпай эле ала алат. Орто аралык аттестацияга баасын жогорулатамын деген студент катышат. Орто аралык аттестацияга тапшырылбаган модулдун суроолору же студенттин баасын жогорулатууга көмөк көрсөтүүчү модулдардын суроолору киргизилет

## “Адистикке киришүү” предмети боюнча

## Тематикалык план (2 курс 4 семестр)

| Предметтик модулдун № | лек. тема № | Теманын аталышы | Сабактардын түрү боюнча сааттардын бөлүштүрүлүшү | | | | эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | лек. 27 | практ (сем) 18 | СРС 45 | Башка түрү | |
| ПМ- 1 | 1.1. | Педагогикалык кесип, аны өздөштүрүү структурасы | 2 | | 2 | | |
| | 1.1. | Педагогикалык кесипке киришүү | | 2 | | | |
| | 1.1. | Азыркы шарттарда педагогикалык ишмердуулуктун социалдык адеп-ахлактык мааниси. | | 2 | 2 | | |
| | 1.2. | “Педагогикалык ишмердүүлүк”. | 2 | | 2 | | |
| | 1.2. | Бала бүтүн педагогикалык процесстин субъектиси катары | | 2 | | | |
| | 1.2. | Педагогикалык иш-аракет коомдук баалуулук катары. | | | 2 | | |
| | 1.3. | Адистик үчүн маанилүү болгон педагогдогу личносттук сапаттар | 2 | | 2 | | |
| | 1.3. | Педагогдун ишинин негизги функциялары, негизги багыттары жана формалары | | | 2 | | |
| | 1.3. | Педагогдук иштин чыгармачылык табияты. | | | 2 | | |
| | 1.4. | “Педагогикалык маданият”. | 2 | | 2 | | |
| | 1.4. | Билим берүү жана тарбиялоонун максаты жана милдеттери | | | 2 | | |
| | 1.4. | Азыркы коомдун шарттарында педагогдун | | | 2 | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | гуманисттик функциясын ишке ашыруу | | | | | |
| | 1.5. | Педагогдун компетенттүүлүгү. | 2 | | 2 | | |
| | 1.5. | Азыркы коомдо педагогдун ролу жана орду | | 2 | 2 | | |
| | 1.5 | Азыркы коомдук шартта педагогикалык баалуулуктар жана аларды жүзөгө ашыруу. | | | 2 | | |
| | 1.6. | Педагогикалык позиция”. | 2 | | 2 | | |
| | 1.6. | Балдарды акыл –эске тарбиялоо мүмкүнчүлүктөрү. | | 2 | | | |
| | 1.6. | Азыркы коомдук шартта педагогикалык баалуулуктар жана аларды жузого ашыруу | | 2 | 2 | | |
| | 1.7. | Азыркы бала бакчадагы тарбия, максаты мазмуну, технологиясы | 2 | | | | |
| | 1.7. | Педагогикалык ишмердүүлүк жана анын аспектилери | | 2 | | | |
| | 1.7. | Педагогикалык ишмердүүлүктү калыптандырууда теориялык жана практикалык жактан даярдык. | 2 | | 2 | | |
| | 1.8. | Мектепке чейинки билим берүү мекемесинде тарбиячынын иш-шарттарынын өзгөчөлүктөрү анын укуктары жана милдеттери | 2 | | 2 | | |
| | 1.8. | Тарбиячынын кесиптик сапатындагы активдүүлүк | | | 2 | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1.8. | Педагогдун кесиптик жактан өзүн-өзү тарбиялоосу | 1 | | 2 | | |
| | 1.9. | Азыркы коомдо педагогдун ролу”. | 2 | | 1 | | |
| | 1.9. | Педагогдун өз алдынча кесиптик билим алуусу | | | 2 | | |
| | 1.10. | Педагогдун кесиптик жактан өзүн-өзү тарбиялоосу. | 2 | | | | |
| | 1.10 | Инсанга багытталган билим жана тарбия | | | 2 | | |
| | 1.11 | Педагогдун инсандык багыттагы мүнөздөмөсү. | 2 | 2 | | | |
| | 1.11 | Педагогдук иштин жеке стили | | 2 | 2 | | |
| | 1.11 | Азыркы жанычыл мугалимдердин ыкмалары | 2 | | | | |
| | | **Баардыгы:** | 27 | 18 | 45 | | |

**СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨСҮ**

Студенттердин өз алдынча иш**төөс**ү окуу процессинин составдык бөлүгү болуп саналат жана окутуучу тарабынан берилген тапшырмаларды өз алдынча чечүү, адабияттар менен иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүү максатын көздөйт. Окутуучу семестрдин башында ар бир студентке жекече тапшырма берет. Студент семестр ичинде өз алдынча адабияттарды карап чыгып, коюлган маселени чечүү үчүн реферат жазат. Коюлган маселени туура жана так аткарган студент тиешелүү балл ала алат.

**Студенттердин өз алдынча иштеринин темалары.**

| № | Темалардын аталышы | Сааты |
|---|---|---|
| 1. | Педагогикалык кесип, аны өздөштүрүү структурасы | 2 |
| 2. | Азыркы шарттарда педагогикалык ишмердуулуктун социалдык адеп-ахлактык мааниси. | 2 |
| 3. | “Педагогикалык ишмердүүлүк”. | 2 |
| 4. | Педагогикалык иш-аракет коомдук баалуулук катары. | 2 |
| 5. | Адистик үчүн маанилүү болгон педагогдогу личносттук сапаттар | 2 |
| 6. | Педагогдун ишинин негизги функциялары, негизги багыттары жана формалары | 2 |
| 7. | Педагогдук иштин чыгармачылык табияты. | 2 |
| 8. | “Педагогикалык маданият”. | 2 |
| 9. | Билим берүү жана тарбиялоонун максаты жана милдеттери | 2 |
| 10. | Азыркы коомдун шарттарында педагогдун гуманисттик функциясын ишке ашыруу | 2 |
| 11. | Педагогдун компетенттүүлүгү. | 2 |
| 12. | Азыркы коомдо педагогдун ролу жана орду | 2 |
| 13 | Азыркы коомдук шартта педагогикалык баалуулуктар жана аларды жүзөгө ашыруу. | 2 |
| 14 | Педагогикалык позиция”. | 2 |
| 15 | Азыркы коомдук шартта педагогикалык баалуулуктар жана аларды жузого ашыруу | 2 |
| 16 | Педагогикалык ишмердүүлүктү калыптандырууда теориялык жана практикалык жактан даярдык. | 2 |
| 17 | Мектепке чейинки билим берүү мекемесинде тарбиячынын иш-шарттарынын өзгөчөлүктөрү анын укуктары жана милдеттери | 2 |
| 18 | Тарбиячынын кесиптик сапатындагы активдүүлүк | 2 |
| 19 | Педагогдун кесиптик жактан өзүн-өзү тарбиялоосу | 2 |
| 20 | Азыркы коомдо педагогдун ролу”. | 1 |
| 21 | Педагогдун өз алдынча кесиптик билим алуусу | 2 |
| 22 | Инсанга багытталган билим жана тарбия | 2 |
| 23 | Педагогдук иштин жеке стили | 2 |
| | **Баардыгы:** | **45** |

**«Адистикке киришүү» дисциплинасы боюнча студенттердин өз алдынча иштери боюнча түзүлгөн графиги**

| Окуу жумалары | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| СӨИ катар номерлери | | 1 | | 2 | | 3 | | 4 | | 5 | | 6 | | | | |

## “Адистикке киришүү” дисциплинасы боюнча түзүлгөн модулдун суроолору

## 1-модуль

| | |
|---|---|
| 1. | Педагогикалык кесип, аны өздөштүрүү структурасы. |
| 2. | Педагогикалык кесиптин өзгөчөлүктөрү. |
| 3. | Педагогикалык кесиптин келечеги |
| 4. | Педагогикалык ишмердүүлүк. |
| 5. | Педагогикалык ишмердүүлүктүн гумандуулук табияты |
| 6. | Адистик үчүн маанилүү болгон педагогдогу личносттук сапаттар |
| 7. | Педагогикалык мамиле, тил табыша билүүчүлүк. |
| 8. | Педагогдун чыгармачылык жана кесиптик маданияты. |
| 9. | Педагогикалык маданият жана этика. |
| 10. | Педагогдун компетенттүүлүгү. |
| 11. | Педагогдун билимдүүлүк жана билгичтик сапаттары. |
| 12. | Компетенттүүлүк жөнүндө жалпы түшүнүк. |
| 13. | Педагогдун кесиптик позициясы. |
| 14. | Педагогикалык кесиптин өзгөчөлүктөрү |
| 15. | Азыркы бала бакчадагы тарбия максаты, мазмуну, технологиясы. |

## 2- модуль

| № | Модулдун суроолору |
|---|---|

| | |
|---|---|
| 1. | Педагогдун инсандыгына карата заманбап талаптар |
| 2. | Азыркы коомдо педагогдун ролу”. |
| 3. | Кесиптин билим берүү системасындагы орду. |
| 4. | |
| 5. | Педагогикалык кесиптин келип чыгышы жана калыптанышы |
| 6. | Мектепке чейинки билим берүү мекемесинде тарбиячынын иш-шарттарынын өзгөчөлүктөрү анын укуктары жана милдеттери |
| 7. | Кесиптик өз алдынча билим алуу жана өзүн-өзү тарбиялоо түшүнүктөрү |
| 8. | Педагогдун кесиптик жактан өзүн-өзү тарбиялоосу. |
| 9. | Тарбиячынын өзүнүн инсандык сапатын жана кесибин жакшыртуу, жогорулатуу жолдору. |
| 10. | Тарбиячынын иштеринин негизги багыттары. |
| 11. | Педагогикалык иштин инновациялык багыты |
| 12. | Педагогдун кесиптик адеп-ахлактык маданияты. |
| 13. | Балдарды тарбиялоодо педагогдун ишмердүүлүгүнүн таасири |
| 14. | Педагогдун ишинин негизги функциялары, негизги багыттары жана формалары |
| 15. | Кесиптин ар тараптуулугу. |

**“Адистикке киришүү” дисциплинасы боюнча**

## РЕФЕРАТТЫН ТЕМАЛАРЫ

1. Педагогикалык кесиптин пайда болушу жана өнүгүшү.
2. Педагогикалык кесиптин негизги функциялары жана өзгөчөлүктөрү.
3. Педагогикалык иштин түшүнүгү жана негизги функциялары
4. Окутуу иш-аракеттеринин негизги түрлөрү
5. Окутуу ишинин структурасы
6. Педагогдун кесиптик компетенттүүлүгү
7. Педагогдун педагогикалык ишмердүүлүккө теориялык даярдыгынын мазмуну.
8. Педагогдун педагогикалык ишмердүүлүккө практикалык даярдыгынын мазмуну
9. Педагогдун инсандыгынын кесиптик жактан маанилүү сапаттары.
10. Мугалимдик кесипти тандоо: кесиптик багыт берүүнүн негизги мотивдери жана мүнөзү.
11. Педагогдун кесиптик жактан өзүн-өзү тарбиялоо жолдору.
12. Педагогиканын илим катары жалпы түшүнүгү.
13. Педагогиканын негизги категорияларынын мүнөздөмөлөрү.
14. Инсан жөнүндө жалпы түшүнүк.
15. Инсанга таасир этүүчү негизги факторлор
16. Педагогикалык баарлашуунун жалпы түшүнүгү жана анын билим берүү процессиндеги ролу
17. Педагогикалык баарлашуунун негизги функциялары.
18. Кесиптик жана педагогикалык баарлашуунун стилдери
19. Мектепке чейинки билим берүү тарбиячысын даярдоо үчүн педагогикалык билим берүү мекемелеринин мүнөздөмөлөрү
20. Педагогикалык кесипти өздөштүрүүнүн жолдору

Тарбиячынын өзүн-өзү өнүктүрүү жолдору

**“АДИСТИККЕ КИРИШҮҮ” ДИСЦИПЛИНАСЫ БОЮНЧА ТҮЗҮЛГӨН**

**ТЕСТ**

**1-вариант**

1. **Педагогикалык техниканын элементи бул ….?...**

а) окутуу жөндөмү

б) педагогикалык чеберчилик

в) педагогикалык компетенттүүлүк

г) мыкты окутуу

2. **Уюштуруу-түзүмдүк педагогикалык функциялар тобуна ____ функция кирет?**

а) маалыматтык

б) гностикалык

в) конструктивдүү

г) мобилизациялоо

3**. Педагогикалык чыгармачылык** ...бул....?

а) билим берүү процессине сапаттуу жаңы элементтерди киргизүү

б) инсанды өнүктүрүүдө каалаган нерселерди күтүү жана жагымсыз натыйжалардын алдын алуу

в) жаш муундарды тарбиялоо искусствосу

г) өзгөрүлүп жаткан шарттарда билим берүү маселелерин чечүү

4. **Педагогикалык профилдин адистиктерин айырмалоонун негиздери ...**

а) окутуу ишинин түрлөрү

б) баланын өнүгүү курагы

в) баланын инсандыгын өнүктүрүүдөгү психофизикалык жана социалдык факторлор; . билимдин предметтик багыттары

г) университетте окуу шарттары

5. **Педагогикалык теориянын жоболорун билүү, өзүнүн илимий ишмердүүлүгүн талдай билүү ...**

а) инсандын негизги маданияты

б) мугалимдин методикалык маданияты

в) педагогикалык маданият

г) инсандык маданият

6. **Педагогдун негизги социалдык функциясы кандай?**

а) улуу муундун жалпыланган тажрыйбасын өткөрүп берүү;

б) окутуу;

в) билим берүү;

г) өнүктүрүү

7. **Кесиптик багытка өз ара байланышкан компоненттердин тутуму бул?...**

а) кесиптик диагностика; кесиптик билим берүү

б) өзүн-өзү тарбиялоо

в) кесиптик тандоо

г) жалпы маданиятты өнүктүрүү

8. **Эгерде мугалим өзүнүн баарлашуусун аудиториянын өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтырса, анда анын ишин ______ деңгээлине таандык кылса болот?**

а) адаптациялоочу

б) жергиликтүү моделдөө

в) жемиштүү

г) чыгармачыл

9. **Окуучуларга кесип тандоодо жардам берген кесиптик багыттоонун формасы ... деп аталат?**

а) маек

б) консультация

в) агартуу

г) диагностика

10. **Мугалимдин инсандыгынын кесиптик багытына ... кирет?**

а) кесиптик ниеттери жана каалоолору

б) байланыш мүмкүнчүлүктөрү

в) педагогикалык кесип жана мугалимдин кесибине кызыгуусу

г) жалпы билим берүү көндүмдөрү

11. **Педагогикалык профилдин адистиктерин айырмалоонун негиздери**?..

а) окутуу иш-аракеттеринин түрлөрү

б) баланын өнүгүү курагы жана баланын инсандыгын өнүктүрүүдөгү психофизикалык жана социалдык факторлор

в) университетте окуу шарттары

г) предметтик багыттар

12. **Алынган окутуу же адистик багыты боюнча иштин белгилүү бир түрүн аткарууга даярдыктын деңгээли жана даярдыгы ... деп аталат**?

а) өзгөчөлүк

б) кесип

в) квалификация

г) атаандаштыкка жөндөмдүүлүк

13. **Белгилүү бир кесипти мүнөздөөчү белгилер тутумунун сүрөттөлүшү, кызматкерге коюлган нормалардын жана талаптардын тизмеси ... деп аталат.?**

а) жумуш баяны

б) мамлекеттик билим берүү стандарты

в) технология

г) профессиограмма

14. **Өзүн төмөн баалаган педагог төмөнкүдөй иш-аракет кылат:**

а) тарбияланууучу менен мамиленин авторитардык стилин орнотууга умтулат, формалдуу ой жүгүртүүсү менен мүнөздөлөт, тарбиялануучулардын демилгесин жана өз алдынчалыгын чектейт

б) тарбиялануучулардын демилгесин жана өз алдынчалыгын чектейт, өзүнө ишенген, чыгармачыл чечимдерди издөөгө жакын

в) өзүнө ишенимдүү, тарбиялануучулар менен болгон авторитардык мамилелердин стилин орнотууга умтулат, тарбиялануучулардын көз карандысыздыгын жана чыгармачыл активдүүлүгүн стимулдайт

г) катуу тартипке умтулат, өзүнө ишенет, чыгармачыл чечимдерди табууга жакын

15. **Кесиптик педагогикалык багыт деген эмне:?**

а) инсандык касиеттердин комплекси;

б) туруктуу мотивдердин туруктуу жыйындысы;

в) мугалимдик кесипке кызыгуу;

г) кесиптин коомдогу орду

«АДИСТИККЕ КИРИШҮҮ" ДИСЦИПЛИНАСЫ БОЮНЧА ТҮЗҮЛГӨН ТЕСТТИН

2-ВАРИАНТЫ

1. **Окутуу иш-аракеттерине кесиптик даярдык ______ даярдыкка бөлүнөт**

а) маданий

б) практикалык

в) социалдык-экономикалык

г) илимий жана теориялык

2. **Адамдын эмгек ишмердүүлүгүнүн түрү, анын туруктуу кесибинин предмети кандай деп аталат?.**

а) кесип

б) чыгармачылык

в) адистештирүү

г) чеберчилик

3. **Педагогдордун бүгүнкү күнгө чейин актуалдуулугун жоготпогон "түбөлүктүү" педагогикалык идеялары?**

а) гумандуу педагогиканын идеялары, тарбиялануучулардын өз алдынчалыгын жана чыгармачыл активдүүлүгүн өркүндөтүү, тарбиялоодо жана окутууда мугалимдин өзгөчө орчундуу ролу

б) окуучулардын өз алдынчалыгын өркүндөтүү идеялары, жаш кезинде адабий жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өркүндөтүү, окутууда жана тарбиялоодо мугалимдин өзгөчө ролу

в) гумандуу педагогиканын идеялары, инсанды командада тарбиялоо, билимди эмгек менен айкалыштыруу

г) окуучуларды үй-бүлөлүк жашоого даярдоонун зарылдыгы, гумандуу педагогика идеясы, билим берүүдө жана тарбиялоодо мугалимдин өзгөчө ролу

4. **Чыгармачыл мугалимдин негизги жеке сапаттары:**

а) адилеттүүлүк, көз карандысыздык, жогорку кесипкөйлүк

б) коммуникативдүүлүк, боорукердик, жоопкерчиликтүүлүк

в) чыгармачылык, демилгелүүлүк, көз карандысыздык

г) гуманизм, эмоционалдык туруктуулук, чыгармачылык

5. **Окутуу жана тарбиялоо бул:**

а) эч кандай айырмачылыктарга ээ болбогон билим берүү иш-аракеттеринин өз ара байланышкан түрлөрү

б) педагогикалык иштин толугу менен өзгөчөлөнгөн эки түрү

в) окутуу иш-аракеттеринин бири-бирине байланыштуу эки түрү

г) окутуу иш-аракеттеринин жарым-жартылай байланыштуу түрлөрү

6. **Педагогикалык техника төмөнкүлөрдү камтыйт:**

а) кесиптик компетенттүүлүк, коммуникативдик көндүмдөр

б) сүйлөө маданиятынын жогорку деңгээли, актердук жана режиссёрдук чеберчилик

в) туура дикция, так жана көркөм сөз

г) колдонмо көндүмдөрүн, так жана логикалык сүйлөө жөндөмүн

7. **Мугалимдик кесиптин мүнөздүү белгилерине төмөнкүлөр кирет:**

а) гуманисттик билимдин болушу

б) жогорку кесиптик билим

в) гуманисттик мүнөз, гуманисттик билимдин болушу

г) гуманисттик мүнөз, адамдын муктаждыктарын мыкты канааттандырууга, жана гуманисттик билимдин болушуна көңүл буруу

8. **Педагогиканын идеялардын "ачкычынын " бири?**

а) окутууда гумандуулук идеясы

б) командадагы жеке өнүгүү

в) тарбиялануучулардын ишмердүүлүгүнө көзөмөлдү күчөтүү зарылдыгы

г) окутуунун активдүү методдорун жана формаларын кеңири колдонуу

9. **Мугалимдик кесиптин гуманисттик милдети:**

а) балдарга болгон сүйүү мамилеси

б) баланын инсандыгын, анын чыгармачыл индивидуалдуулугун өнүктүрүү

в) тарбиялануучуларга болгон сый-урматы

г) ырахат алуу билимдин негизги мотивине айланган шарттарды түзүү

10. **Кесиптик билим берүү программаларынын негизин төмөнкүлөр түзөт:**

а) тема блогу

б) жалпы маданий блок

в) психологиялык-педагогикалык блок

г) методикалык блок

**11. Билим берүүнүн негизги функциялары:**

а) билим берүү, тарбиялоо, адаптациялоо

б) билим берүү, өнүгүү

в) билим берүү, тарбиялоо, өнүктүрүү

г) билим берүүчү,

**12. Педагогикалык иштин ыкмаларын тез жана терең өздөштүрүүгө мүмкүндүк берген мугалимдин жеке психологиялык өзгөчөлүктөрү:**

а) педагогикалык чеберчилик

б) мугалимдин мүнөзү жана акыл-эси

в) окутуу жөндөмү

г) педагогикалык жөндөмдүүлүк

**13. Педагогикалык техника бул элемент …**

а) окутуу жөндөмү

б) педагогикалык чеберчилик

в) педагогикалык компетенттүүлүк

г) мыкты окутуу

14. **Мугалимдин билим берүү максаттарына жана аларды ишке ашыруу (жетишүү) шарттарына ылайык теориялык билимге негизделген иш-аракеттер тутумун натыйжалуу аткара билүүсү бул:**

а) педагогикалык чыгармачылык

б) педагогикалык чеберчилик

в) окутуу жөндөмү

г) педагогикалык жөндөмдүүлүк

15. **Өзүн жогору баалаган мугалим төмөнкүдөй иш-аракет кылат:**

а) шайыр, өзүнө ишенимдүү, тарбиялануучулардын демилгесин жана активдүүлүгүн баалай билет

б) тарбиялануучулар менен мамилелердин формалдуу эмес стилин орнотот, чыгармачыл чечимдерди табууга ыктайт, тарбиялануучулардын көз карандысыздыгын жана чыгармачыл активдүүлүгүн стимулдайт

в) тарбиялануучулар менен сый мамилелерди орнотот, формалдуу ой жүгүртүүсү менен мүнөздөлөт, сүйбөгөн жактырбагандарына терс реакция кылат

г) тарбиялануучулардын чыгармачыл активдүүлүгүн чектейт, өзүнө ишенет, катуу тартипке умтулат

**«А Д И С Т И К К Е  К И Р И Ш Ү Ү» КУРСУНА**

**ДАЯРДАЛГАН  Т Е С Т Т И Н  А Ч К Ы Ч Ы**

| 1-ВАРИАНТ | | 2-ВАРИАНТ | |
|---|---|---|---|
| 1. | А | 1. | Г |
| 2. | В | 2. | А |
| 3. | В | 3. | А |
| 4. | В | 4. | Г |
| 5. | Б | 5. | В |
| 6. | А | 6. | Б |
| 7. | А | 7. | Г |
| 8. | А | 8. | Г |
| 9. | Б | 9. | Б |
| 10. | В | 10. | В |
| 11. | Б | 11. | В |
| 12. | В | 12. | А |
| 13. | Г | 13. | В |
| 14. | А | 14. | Б |
| 15. | Ф | 15. | А |

**“Адистикке киришүү” дисциплинасы боюнча**

**Экзамендин суроолору:**

1. Мугалимдик кесиптин пайда болушу жана өнүгүшү.
2. Мектепке чейинки тарбиячынын кесиптик компетенттүүлүгү.
3. Келечектеги адистин атайын илимий даярдыгы.
4. Мугалимдин педагогикалык иш-аракетинин структурасы.
5. Педагогикалык процесс мектепке чейинки мекемеде педагогдун иш-аракетинин объектиси катары
6. Мектепке чейинки мекемеде педагогикалык процессти уюштуруунун каражаты катары мугалимдин балдар менен байланышы.
7. Жалпы билим берүү жана педагогикалык кадрлардын кесиптик даярдыгына карата талаптар.
8. Мектепке чейинки билим берүү мекемесинде тарбиячынын иш-шарттарынын өзгөчөлүктөрү анын укуктары жана милдеттери.

9. Педагогикалык маданият. Педагогикалык маданияттын компоненттери.

10. Кесиптик өз алдынча билим алуу жана өзүн-өзү тарбиялоо түшүнүктөрү жана алардын педагогдун инсандыгын калыптандыруудагы ролу.

11. Кесип жөнүндө түшүнүк

12. Кесип жана адистик

13. Квалификация түшүнүгү

14. Педагогикалык иштин маңызы

15. Кесиптик эмес окутуу иш-аракеттери

16. Педагогикалык иштин гуманисттик мүнөзү

17. Педагогдун инсандыгынын деформациясы

18. Педагогдун инсандык деформациясынын себептери

19. Педагогдун жалпы маданияты анын кесиптик ишинин натыйжалуулугунун шарты катары

20. Педагогдун инсандык педагогикалык маданияты

21. Педагогдун сүйлөө маданияты

22. Педагогикалык иштин этикасы жана эстетикасы

23. Педагогикалык чыгармачылык жана чеберчилик

24. Мугалимдин инсандык сапатына заманбап талаптар

25. Мугалимдин негизги сапаттары

26. Мугалимдин сүйлөө маданияты. Мугалимдин сөзүнө коюлган талаптар.

27. . Педагогикалык ишмердүүлүктөгү индивидуалдык стиль түшүнүгү

28. Окутууда индивидуалдык стилдин көрүнүшү үчүн шарттар

29. Педагогикалык тактиканын калыптанышынын шарттары

30. Педагогикалык баарлашуунун өзгөчөлүктөрү (өз ара аракеттенүү, кызматташуу, биргелешип т

31. Кесип, адистик, квалификация жөнүндө түшүнүк.

32. Балдарды тарбиялоодо тарбиячынын ишмердүүлүгүнүн таасири

33. Педагогикалык ишмердүүлүк

34. Психологиялык-педагогикалык иш-аракет

35. Мугалим болуунун негизги шарттары (ар бир адам мугалим боло алабы?)

36. Мугалимдин уюштуруучулук чеберчилиги.

37. Мугалимдин кесиптик билими жана жөндөмдүүлүгү

38. Мугалимдин кесиптик жактан маанилүү инсандык сапаттары.

40. Мугалимдин адеп-ахлактык сапаттары

**ОКУУ ПРЕДМЕТИНИН АДАБИЯТТАР МЕНЕН КАМСЫЗДАЛЫШЫ :**

**НЕГИЗГИ АДАБИЯТТАР:**

1. А.Исаев. “Педагогикалык кесипке киришуу” Бишкек-2008
2. В.В.Кузнецов “Введение в профессионально-педагогическую специальность” Москва Издатьельский центр”Академия” 2007
3. Н.Никитина,ятельнос Н.В.Кислинская “ Введение в педагогическую деятельность Теория и практика Москва-2018
4. В.В.Кузнецов ВВедение в педагическую деятельность Учебник и практикум для СПО Москва -2018
5. Т.Н. Черняева Введение в специальность Общие основы педагогики
6. Ж.Асанова Студенттерди педагогдун кесибине үйрөтүүнүн теориялык-практикалык негиздери Бишкек-1999
7. А.Г.Бермус “Введение в педагогическую деятельность” М-2013
8. С.Байгазиев. “Азыркы бала бакчадагы тарбия: максаты, мазмуну, жана технологиясы” Бишкек; 2009.

**КОШУМЧА АДАБИЯТТАР:**

1. К.М.Торогелдиева; А.Аликова “Билим берууну модернизациялоо шартында окутууга жаны мамиле” Бишкек- 2005

2. Э.Мамбетакунов; Т.М.Сияев. “ Педагогиканын негиздери” Б-НМУ; 2002.
3. Б.Апыш; Д.Бабаев; Т.Жоробеков “Педагогика” Бишкек 2002

4. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери.- Б. «Педагогика века», 2004. - 384 б.

5. Рахимова М.Р., Абдыкеримова М.А,, Курбанова Н.У.

Педагогиканын теориясы, системасы жана технологиясы. Бишкек - 2003

6. Рахимова М.Р., Панкова Т.В. Калдыбаева А.Т. Педагогикалык ойлордун'жана билим беруунун тарыхы Б., 2002

7. Мамбетакунов Э. Методология и качество

педагогических исследований,- Б.: Бишкек, КНУ им. Ж. Баласагына, 2006. - 1

8. Мамбетакунов Э, Сияев Т.М. Педагогиканын негиздери. Б.: НМУ, 2002. -

9. Апыш Б., Бабаев Д., Жоробеков Т. Педагогика. - Б.ОшМУ, 2002. -

10..Рахимова М.Р., Панкова Т.В., Калдыбаева А.Т Педагогикалык ойлордун жана билим беруунун тарыхы. -Б.:КМПУ, 2002. -

«БЕКИТЕМИН»
«Педагогика» секциясынын
башчысы
Кудабаева Г.Б.

_____________
(колу)
«____»__________20___г.

**«АДИСТИККЕ КИРИШҮҮ » дисциплинасы боюнча**
**СИЛЛАБУС**
**Кесиптик орто билим берүү бөлүмү**

**“Педагогика” секциясы**
**Даярдоо багыты:** шифр 050704 «Мектепке чейинки билим берүү»
**Даярдоо профили: «Мектепке чейинки курактагы балдардын тарбиячысы»**

| | **Күндүзгү** |
|---|---|
| Семестр | 3 |
| Кредиттер / сааты | 2 |
| Лекция/ сааты | 22 |
| Практикалык сабак | 14 |
| Оз алдынча иштоо/ сааты | 24 |
| Модулдар | 1;2; |
| **Баардыгы** | **60** |
| **Жыйынтыгы** | **экзамен** |

**Иштеп чыккан: «Педагогика» секциясынын окутуучусу Токтогазиева. Каным Соотбековна**
Силлабус шифр 050704 «Мектепке чейинки билим берүү » адистигиндеги студенттер үчүн «Педагогика» секциясында иштелип чыккан, талкууланган жана бекитилген.
Протокол №_____ «____»__________20___ж.
Бул силлабустун негизги максаты студенттерге окуу процесси жана «Адистикке киришүү» дисциплинасы боюнча жана өзүнүн тандалган болочок кесиби тууралуу керектүү маалымат берүү.

Окутуучу жөнүндө маалымат жана байланыш:

**Окутуучу:** Токтогазиева Каным Соотбековна

**Офис: КОБББ ( колледж )** «Педагогика» секциясы

**Электрондук почта:** tkanym@list.ru

**Телефон:** 0707- 14- 01- 03

**Сабак окуу процессинин бекитилген графиги боюнча жүргүзүлөт.**

**Предметке талап кылынуучу окуу жүктөмүнүн өлчөмү :**

| **Мектепке чейинки педагогика дисциплинасы:** | | **Факультет,** КОБББ (колледж) | | | **Специальность:** 050704 «Мектепке чейинки билим берүү» адистиги | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Семестр /курс** | **Кредиттин саны / сааты** | **Сабактын түрү** | | | **Жалпы сааты** | **СӨИ сааты** | **Жалпы сааты** | **Текшерүү формасы** |
| | | Лекция. | Практ. | Курстук иш | | | | |
| **3 / 2 күндүзгү окуу** | **2** | **22** | **14** | | **36** | **24** | **60** | **экзамен** |
| | | | | | | | | |

**Дисциплинанын аталышы: «Адистикке киришүү»**

**Дисциплинага мүнөздөмө:** Окуу планынын түзүмүндө адистикти даярдоодо дисциплинанын орду : “Адистикке киришүү” дисциплинасы окуу планынын вариативдүү бөлүгүнө кирет.

Окуу дисциплинасы “Психология”, “Педагогика”, “Жаш курак психологиясы” “Мектепке чейинки педагогика” дисциплиналары менен мазмундук-логикалык байланышка ээ. Дисциплинаны өздөштүрүү үчүн көрсөтүлгөн сабактарды үйрөнүүдө алган компетенттүүлүктөр талап кылынат.

## ПРЕДМЕТТИН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТИ

**Дисциплинанын максаты:**

Келечектеги педагогдорду бир бүтүн педагогикалык процесстин технологиялары менен тааныштыруу жана мугалимдик кесипке кызыгуусун калыптандыруу;

-студенттерди мектепке чейинки билим берүүчү педагогдун кесиптик ишинин мүнөзү жана өзгөчөлүктөрү жөнүндө баштапкы билим менен куралдандыруу;

-педагогдун кесиптик ишинин негиздерин үйрөтүү;

- жалпы билим берүүдө окутуунун заманбап технологиялары жөнүндөгү илимий билимдердин системасына ээ кылуу;
- окутуу жана тарбиялоо процесси боюнча теориялык жана практикалык билимдер менен куралдандыруу;
- келечектеги мугалим-тарбиячылардын педагогикалык ишмердүүлүгүн калыптандыруу.

**Дисциплинанын милдети:**

**-** Студенттердин келечектеги кесиптик ишине чыгармачылык мүнөздү калыптандырууга өбөлгө түзүү;

- студенттердин өз алдынча, билим берүү жана илимий иштерге аң-сезимдүү жана активдүү катышуусун стимулдаштыруу.
- мектепке чейинки билим берүү чөйрөсүндө иштөө үчүн зарыл болгон кесиптик билимди жана көндүмдөрдү өздөштүрүүгө карата мамилени калыптандыруу;
- өз билимин өз алдынча толуктай билүүгө үйрөтүү;

-иш практикасында педагогика илиминин жетишкендиктерин пайдалануу, өз алдынча педагогикалык ишин жүргүзүүгө үйрөтүү;

-өз ишине чыгармачылык менен мамиле жасоого үйрөтүү.

**Пререквизит:** “Психология”, “Педагогика”, “Курактык психология”

**Постреквизит** – “Педагогикалык психология”, “Мектепке чейинки педагогика”;
“Психологиялык педагогикалык практикум”

**Адистик акыл өнүгүүнүн натыйжасында пайда болгон компетенциялар:**

**Предметти өздөштүргөндөн кийин пайда болуучу компетенциялар:**

| | |
|---|---|
| ЖК-1 | Өздүк ишмердүүлүгүн уюштура билүү, кесиптик милдеттерди аткаруунун методдорун жана жолдорун тандап, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалай билүү |
| ЖК-2 | кесиптик милдеттерди натыйжалуу аткаруу, кесиптик жана инсандык өнүгүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды издөө, чечмелөө жана колдонуу |
| ЖК-3 | Кесиптик иш-аракеттерде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу |
| ЖК-4 | Өзүнүн жеке жана кесиптик өнүгүүсүн башкаруу, кесиптик ишмердүүлүктөгү эмгек шарттарындагы жана технологиялардагы өзгөрүүлөргө ылайыкташуу |
| ЖК-5 | Көйгөйлөрдү чечүү, стандарттуу жана стандарттуу эмес кырдаалда чечимдерди кабыл алуу, демилгени жана жоопкерчиликти көрсөтүү |

| | |
|---|---|
| КК-1 | Келечектеги кесиптин маңызын жана социалдык маанисин түшүнүү, ага туруктуу кызыгууну көрсөтүү |
| КК-2 | Баланын укуктары жана чоңдордун балдарга карата милдеттери жөнүндө негизги документтерди, мектепке чейинки балдарды өнүктүрүү, тарбиялоо жана тарбиялоо боюнча ченемдик документтерди өзүнүн кесиптик ишин де колдоно билүү |
| КК-3 | Мектепке чейинки курактагы балдарды окутуунун жана тарбиялоонун максаттарын, милдеттерин, мазмунун, принциптерин, формаларын, методдорун жана каражаттарын, балдардын ишмердигинин ар кыл түрлөрүнөн өнүктүрүү методикаларын билүү; балдарды педагог ишмердиктин кайсы түрлөрүнө үйрөтсө, ошол түрлөр боюнча билгичтиктерге ээ болуу |
| КК-4 | Мектепке чейинки курактагы балдар менен өз араарakeттене билүү, баланын билиминин жана тарбиясынын деңгээлин изилдөөнүн, анализдөөнүн негизинде эрте жана мектепке чейинки курактагы балдар менен иштөөдө инсанга багытталган мамилени жүргүзүү |
| КК-5 | Эрте жана мектепке чейинки курактагы баланын ийгиликтүү өнүгүүсүнүн шарты катары баардык балдарды өнүктүрүү жана жардам берүү, баарлашуу да жагымдуу психологиялык атмосфера түзүү максатында балдар психологиясынын негиздерин колдонууга даярболуу. |
| КК-6 | Мектепке чейинки билим берүү мекемесинде белгиленген күн тартибинин жана сабактардын графигинин аткарылышын камсыз кылууга даяр болуу; мектепке чейинки билим берүү уюмунда балдардын маңыздуу жашоосун уюштуруу |

**Күтүлүүчү жыйынтык:**

| Компетенциялар | Билет | Алат | Жондомго ээ |
|---|---|---|---|
| жалпы компетенция | Мектепке чейинки мезгилдин баалуулугу жөнүндө.<br><br>Балалык мезгилдин маанисин, мектепке чейинки билим берүү системасын өнүктүрүүнүн өзгөчөлүктөрү жөнүндө маалымат | Педагогикалык өз ара аракеттенүү процессинде инсандын өнүгүүсүндө мектепке чейинки мезгилдин кайталангыстыгын эске алуу: | Инсандын адеп-ахлактык жана кесиптик сапаттарына ээ<br><br>Балалык мезгилдин маанисин билүү менен мектепке чейинки билим берүү системасын өнүктүрүүнүн өзгөчолүктөрү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | жөнүндө маалымат менен андан ары өнүктүрүү. |
| КЕСИПТИК КОМПЕТЕНЦИЯ | Билим берүүнүн ар кандай баскычында педагогдун кесиптик ишинин өзгөчөлүктөрү Өз алдынчалуулукту жана чыгармачылык активдүүлүктү өнүктүрүүгө өбөлгө түзүүчү заманбап методикаларды жана технологияларды колдонот. | Педагогдун өзүн-өзу тарбиялоо программасын иштеп чыгуу.<br><br>Негизги маалыматтык педагогикалык билгичтиктер. | Балдардын педагогикалык иште жетишкендиктерин алуучу булактарды издөөнүн заманбап усулдарын пайдалануучу. |

## БИЛИМДИ ТЕКШЕРҮҮ ФОРМАСЫ

Билимге баа берүү – системалуу жараян, ал алдын ала пландаштырылганга бар болгон билим, билгичтик, көндүмдүн ылайык келүү даражасын аныктоодон турат. Баа берүүнүн биринчи керектүү шарты: билим берүү максаттарын пландаштыруу; ансыз жетишилген натыйжаларды талдоо мүмкүн эмес. Экинчи керектүү шарт – билимдин чыныгы деңгээлин аныктоо жана аны берилген менен салыштыруу.

Баа берүү жараяны төмөнкү компоненттерден турат: окутуунун максатын аныктоо; ушул максатка жетүүсүн текшерген тапшырмаларды тандоо; баа же текшерүүнүн жыйынтыктарын билдирген башка ыкма. Баа берүүнүн бардык компоненттери өз ара байланышта жана ар бири бардык кийинкиге таасир этет.

Коюлган максатка жараша көзөмөлдөө программасы түрдүү түзүлөт, ар түрдүү типтеги суроолор жана тапшырмалар тандалат. Бирок, билимдерге баа берүүнүн болжолдуу ченемдерин колдонуу студенттин билимине жана билгичтигине баа берүүгө окшоштукту киргизип, аны көбүрөөк объективдүү кылса болот. Болжолдуу ченемдер негиз боло алат, аны пайдалануу менен окутуучу студенттердин билимдерин жана билгичтиктерин баалайт.

Предметти окутуу процессинде текшерүүнүн төмөнкү түрлөрүн колдонуу максатка ылайыктуу: окутуу башталардагы текшерүү, учурдагы текшерүү (модулдук текшерүү), орто аралык аттестация ( жыйынтыктоочу текшерүү).

Студенттердин жетишүүсүн учурдагы текшерүү - семестр ичиндеги оперативдүү текшерүү жана тийиштүү дисциплиналарды модулдар,тестирлөө, оозеки суроо, рефераттар, докладдар түрүндө үйрөнүү процессинде логикалык жактан бүткөрүлгөн бөлүмдөрү (модулдар жана главалар) боюнча студенттердин билим денгээлин жана окуу материалынын өздөштүрүүсүнүн даражасын баалоо.

Аралык текшерүү – бардык студенттер үчүн ар бир предметтик модулда өтүлгөн материал боюнча алардын алган билимдерин баалоо.

Студенттердин жетишүүсүн орто аралык аттестациясы ( орто аралык аттестация) - семестр аяктаганында (экзамендик сессия убагында) окуу планы тарабынан ушул семестрде үйрөнүлүшү каралган дисциплиналар боюнча экзамендерди кабыл алуу жолу менен милдеттүү текшерүү.

Ар бир модулда минималдык жана максималдык балл аныкталат.Модуль боюнча максималдык балл өтүлгөн материалдын 100% өздөштүрүүсүнө барабар болот.. Ар бир модулдагы минималдык балл милдеттүү жана ал башка модулдун баллдары менен толукталбайт. Прдметтин ар бир модулу боюнча минималдык балл 56 баллды, ал эми максималдык балл – 100баллды түзөт. Он жыйынтыкка ээ болуу үчүн 56 баллдан кем эмес балл топтоо керек (бардык бөлүктөрдүн минималдык баллын эске алуу менен).

Баллды академиялык баага которуу төмөнкү схемада ишке ашырылат: «канаттандыраарлык» - 56-65 балл, «жакшы» - 66-80 балл, «эң жакшы» - 81-100 балл.

## Студенттердин билимин баалоо системасы, формалары жана предметтин модуль-рейтинг картасы

Баллды академиялык баага которуу төмөнкү схемада ишке ашырылат: «канаттандыраарлык» - 56-65 балл, «жакшы» - 66-80 балл, «эң жакшы» - 81-100 балл.

**Баллды бөлүштүрүүнүн модулдук-рейтингдик картасы**

| Модулдун аты, иштердин түрү жана текшерүү формасы | | Рейтинг - балл | |
|---|---|---|---|
| | | минимум | максимум |
| Дисциплиналык модуль №1 | 1.1 Лабороториялык, практикалык же семинардык сабак (оозеки суроо, отчеттор, коллоквиум ж.б.) | 27 | 45 |
| | 1.2 Өз алдынча ишти аткаруу (контролдук иш, реферат, тест, презентация жасоо ж.б.) | 29 | 55 |
| | Учурдагы текшерүү №1 | 56 | 100 |
| Дисциплиналык модуль №2 | 2.1. Лабороториялык, практикалык же семинардык сабак (оозеки суроо, отчеттор, коллоквиум ж.б.) | 27 | 45 |
| | 2.2 Өз алдынча ишти аткаруу (контролдук иш, реферат, презентация жасоо ж.б.) | 29 | 55 |
| | Учурдагы текшерүү №2 | 56 | 100 |
| | Сабакка активдүүлүгү, катышуу, жетишүү | 0 | 10 |
| | Орто аралык аттестация | 0 | 10 |

**Дисциплина боюнча рейтингди академиялык бааларга өткөрүү шкаласы**

| Дисциплина боюнча рейтинг | ***ECTS системасы*** | Академиялык баа |
|---|---|---|
| 0 – 25 | ***J*** | ***Келген жок*** |
| 25 – 55 | ***F*** | ***Канааттандыраарлык эмес*** |
| 56–60 | ***C-*** | ***канааттандыраарлык*** |
| 61– 65 | ***C*** | |
| 66 – 70 | ***B-*** | ***жакшы*** |
| 71– 80 | ***B*** | |
| 81– 90 | ***A-*** | ***Эң жакшы*** |
| 91-100 | | |

**Эскертүү**: Студенттин модулдардын жыйынтыгы менен алган балы оң баага татыктуу болсо, бааны «автоматтык» түрдө ала алат. Окутуучу орто аралык аттестацияда студентке бааны коюп берет.

Орто аралык аттестациядан студент өз баасына канаттанбаган учурда өтөт. Орто аралык аттестацияга тапшырылбаган модулдун суроолору же студенттин баасын жогорулатууга көмөк көрсөтүүчү модулдардын суроолору киргизилет. Студент дисциплина боюнча «канаттандыраарлык эмес» баа алган болсо, анда ал академиялык карызын жоө алат.

**Кошумча белги:** Модулдардын жыйынтыгы менен, студент оң баа ала турган баллга татыктуу болсо, анда ал ошол бааны орто аралык аттестацияга катышпай эле ала алат. Орто аралык аттестацияга баасын жогорулатамын деген студент катышат. Орто аралык аттестацияга тапшырылбаган модулдун суроолору же студенттин баасын жогорулатууга көмөк көрсөтүүчү модулдардын суроолору киргизилет

## Студенттердин укугу жана милдети:

### Студенттердин укугу:

1. Адамдын кадыр баркын урматтоо, Физикалык жана психикалык зордук-зомбулуктун баардык түрлөрүнөн короголуу, адамдын өмүрүн жана ден соолугун коргоо
2. Илимий долбоорлого жана конференцияларга катышуу
3. Жасаган чыгармачылык иштерин жарыялоо үчүн тапшыруу
4. Окууда чоң жетишкендиктери үчүн моралдык же материалдык жактан колдоого
5. Илимий-изилдөө жана коомдук иштерге активдүүкатышуу

### Студенттердин милдети:

- билим берүү программасын татыктуу өздөштүрүү

- окуу сабактарына катышуу, тапшырмаларды аткаруу
- башка студенттердин ар-намысын жана кадыр баркын сыйлоо
- башка студенттердин билим алуусуна тоскоолдук жаратпоо

- сабактарга, экзамендерге өз убагында даяр болуу;
- сабактарды калтырбай катышуу;
- берилген тапшырмаларды, өз алдынча иштерди өз убагында аткаруу;
- суроолорго жооп таба билүүгө аракеттенүү;
- предмет боюнча түшүнүксүздүк пайда болсо, тартынбай суроо берүү;
- эгерде студент тапшырманы аткарбаса, экзаменге кирбей калуусу күтүлөт.
- дисциплинаны өздөштүрүүдө өз алдынча изденүүчүлүктү, чыгармачылык таанып билүү денгээлин көрсөтүү;
- системалуу турдо окутуучу жана борбор менен байланышып туруусу зарыл;
- эгерде предмет боюнча жогорку баа албай калса, кайрадан толуктап тапшырууга мумкунчулугу бар.

**КУРСТУН САЯСАТЫ:**

1. Окуу сабактарына кечикпей өз убагында келүү
2. Окуу сабактарын себепсиз калтырбоо
3. Сабак учурунда жана билимдерди көзөмөлдөө учурунда уюлдук телефондорду өчүрүү
4. Окуу процессине катышуу
5. Берилген тапшырмаларды жана өз алдынча тапшырмаларды толугу менен туура, так жана өз убагында аткаруу
6. Тапшырмалар өз убагында аткарылбай калган учурда жыйынтыктоочу баллы кемийт.

7. студенттер окутуучулар менен тыгыз байланышта болуусу зарыл;
8. аткарылган иштерди окутуучуга өз убагында тапшыруу;
9. пунктуалдуу жана жоопкерчиликтуу болуу керек;
10. эгерде предмет боюнча төмөнкү балл алып калса, кайрадан тапшырууга, ишин толуктоого мүмкүнчүлүк ала алат;
11. ушул курс боюнча түшүнбөгөн маселелер болсо окутуучунун өзүнөн консультация алуу.

**Бул курс мектепке чейинки билим берүү адистерин педагогикалык жактан даярдоо үчүн окутулат жана студенттердин алган педагогикалык илимий билимдерин реалдуу практикада колдоно билүүгө үйрөтөт.**

**Окуу процесси модулдук-рейтингдик система боюнча уюштурулат, ал эми билимди баалоо билим беруу системасына ылайык AVN маалыматтык системасы менен жургузулот.**

## “Адистикке киришүү” предмети боюнча

## Тематикалык план

| Предметтик модулдун № | лек. тема № | Теманын аталышы | Сабактардын түрү боюнча саатардын бөлүштүрүлүшү | | | | эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | лек. | практ (сем) | СРС | Башка түрү | |
| ПМ- 1 | 1.1. | Педагогикалык кесип, аны өздөштүрүү структурасы | 2 | | | | |
| | 1.1. | Педагогикалык кесипке киришүү | | 2 | | | |
| | 1.1. | Азыркы шарттарда педагогикалык ишмердуулуктун социалдык адеп-ахлактык мааниси. | | | 2 | | |
| | 1.2. | “Педагогикалык ишмердүүлүк”. | 2 | | | | |
| | 1.2. | Бала бүтүн педагогикалык процесстин субъектиси катары | | 2 | | | |
| | 1.2. | Педагогикалык иш-аракет коомдук баалуулук катары. | | | 2 | | |
| | 1.3. | Адистик үчүн маанилүү болгон педагогдогу личносттук сапаттар | 2 | | | | |
| | 1.3. | Педагогдун ишинин негизги функциялары, негизги багыттары жана формалары | | 2 | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | |
| | 1.3. | Педагогдук иштин чыгармачылык табияты. | | | 2 | | |
| | 1.4. | “Педагогикалык маданият”. | 2 | | | | |
| | 1.4. | Билим берүү жана тарбиялоонун максаты жана милдеттери | | 2 | | | |
| | 1.4. | Азыркы коомдун шарттарында педагогдун гуманисттик функциясын ишке ашыруу | | | 2 | | |
| | 1.5. | Педагогдун компетенттүүлүгү. | 2 | | | | |
| | 1.5. | Азыркы коомдо педагогдун ролу жана орду | | 2 | | | |
| | 1.5 | Азыркы коомдук шартта педагогикалык баалуулуктар жана аларды жүзөгө ашыруу. | | | 2 | | |
| | 1.6. | Педагогикалык позиция”. | 2 | | | | |
| | 1.6. | Балдарды акыл –эске тарбиялоо мүмкүнчүлүктөрү. | | 2 | | | |
| | 1.6. | Азыркы коомдук шартта педагогикалык баалуулуктар жана аларды жузого ашыруу | | | 2 | | |
| | 1.7. | Азыркы бала бакчадагы тарбия, максаты мазмуну, технологиясы | 2 | | | | |
| | 1.7. | Педагогикалык ишмердүүлүк жана анын аспектилери | | 2 | | | |
| | 1.7. | Педагогикалык ишмердүүлүктү калыптандырууда теориялык жана | | | 2 | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | практикалык жактан даярдык. | | | | | |
| | 1.8. | Мектепке чейинки билим берүү мекемесинде тарбиячынын иш-шарттарынын өзгөчөлүктөрү анын укуктары жана милдеттери | 2 | | | | |
| | 1.8. | Тарбиячынын кесиптик сапатындагы активдүүлүк | | | 2 | | |
| | 1.8. | Педагогдун кесиптик жактан өзүн-өзү тарбиялоосу | | | 2 | | |
| | 1.9. | Азыркы коомдо педагогдун ролу”. | 2 | | | | |
| | 1.9. | Педагогдун өз алдынча кесиптик билим алуусу | | | 2 | | |
| | 1.10. | Педагогдун кесиптик жактан өзүн-өзү тарбиялоосу. | 2 | | | | |
| | 1.10 | Инсанга багытталган билим жана тарбия | | | 2 | | |
| | 1.11 | Педагогдун инсандык багыттагы мүнөздөмөсү. | 2 | | | | |
| | 1.11 | Педагогдук иштин жеке стили | | | 2 | | |
| | 1.11 | | | | | | |
| | 1.11 | | | | | | |
| | 1.11 | | | | | | |
| **Баардыгы:** | | | **22** | **14** | **24** | | |

**ПРАКТИКАЛЫК (СЕМИНАРДЫК) САБАКТАРДЫН ТЕМАЛАРЫ**

**КҮНДҮЗГҮ ОКУУ БӨЛҮМҮ**

| № | ТЕМАЛАРДЫН АТАЛЫШЫ | СААТЫ |
|---|---|---|
| **1.** | Педагогикалык кесипке киришүү | **2** |
| **2.** | Бала бүтүн педагогикалык процесстин субъектиси катары | 2 |
| **3.** | Азыркы коомдо педагогдун ролу жана орду | 2 |
| **4.** | Билим берүү жана тарбиялоонун максаты жана милдеттери | 2 |
| **5.** | Педагогикалык ишмердүүлүк жана анын аспектилери | 2 |
| **6.** | Педагогдун инсандык багыттагы мүнөздөмөсү. | **2** |
| | Ж А Л П Ы: | **12** |

**СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨСҮ**

Студенттердин өз алдынча иштөөсү окуу процессинин составдык бөлүгү болуп саналат жана окутуучу тарабынан берилген тапшырмаларды өз алдынча чечүү, адабияттар менен иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүү максатын көздөйт. Окутуучу семестрдин башында ар бир студентке жекече тапшырма берет. Студент семестр ичинде өз алдынча адабияттарды карап чыгып, коюлган маселени чечүү үчүн реферат жазат. Коюлган маселени туура жана так аткарган студент тиешелүү балл ала алат.

**Студенттердин өз алдынча иштеринин темалары.**

| № | **Темалардын аталышы** | **Сааты** |
|---|---|---|
| 1. | Азыркы шарттарда педагогикалык ишмердүүлүктүн социалдык адеп-ахлактык мааниси. | 2 |
| 2. | Педагогикалык иш-аракет коомдук баалуулук катары | 2 |
| 3 | Педагогдун ишинин негизги функциялары, негизги багыттары жана формалары | 2 |
| 4. | Педагогдук иштин чыгармачылык табияты | 2 |
| 5. | Билим берүү жана тарбиялоонун максаты жана милдеттери | 2 |
| 6. | Азыркы коомдун шарттарында педагогдун гуманисттик функциясын ишке ашыруу | 2 |
| 7. | Педагогикалык позиция. | 2 |
| 8. | Азыркы коомдук шартта педагогикалык баалуулуктар жана аларды жүзөгө ашыруу. | 2 |
| 9. | Педагогикалык ишмердуулукту калыптандырууда теориялык жана практикалык жактан даярдык | 2 |
| 10. | Тарбиячынын кесиптик сапатындагы активдүүлүк | 2 |
| 11. | Педагогдун кесиптик жактан өзүн-өзү тарбиялоосу. | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| 12. | Педагогдун өз алдынча кесиптик билим алуусу | 2 |
| 13. | Инсанга багытталган билим жана тарбия | 2 |
| 14. | Педагогдук иштин жеке стили | 2 |
| 15. | Азыркы коомдук шартта педагогикалык баалуулуктар жана аларды жузого ашыруу | 2 |
| | **Баардыгы:** | **30** |

**Эскертүү :** Студент СӨИ боюнча максималдуу 55 балл топтоосу зарыл анын ичинен:
Тестик тапшырмалар - 15 балл.
Реферат-5 балл
Презентация, видео материал,макет ж.б. -20 балл
Оозеки суроолор -15 балл

**«Адистикке киришүү» дисциплинасы боюнча студенттердин өз алдынча иштери боюнча түзүлгөн графиги**

| Окуу жумалары | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| СӨИ катар номерлери | | 1 | | 2 | | 3 | | 4 | | 5 | | 6 | | | | |

## “Адистикке киришүү” дисциплинасы боюнча

## РЕФЕРАТТЫН ТЕМАЛАРЫ

1. Педагогикалык кесиптин пайда болушу жана өнүгүшү.
2. Педагогикалык кесиптин негизги функциялары жана өзгөчөлүктөрү.
3. Педагогикалык иштин түшүнүгү жана негизги функциялары
4. Окутуу иш-аракеттеринин негизги түрлөрү
5. Окутуу ишинин структурасы
6. Педагогдун кесиптик компетенттүүлүгү

7. Педагогдун педагогикалык ишмердүүлүккө теориялык даярдыгынын мазмуну.
8. Педагогдун педагогикалык ишмердүүлүккө практикалык даярдыгынын мазмуну
9. Педагогдун инсандыгынын кесиптик жактан маанилүү сапаттары.
10. Мугалимдик кесипти тандоо: кесиптик багыт берүүнүн негизги мотивдери жана мүнөзү.
11. Педагогдун кесиптик жактан өзүн-өзү тарбиялоо жолдору.
12. Педагогиканын илим катары жалпы түшүнүгү.
13. Педагогиканын негизги категорияларынын мүнөздөмөлөрү.
14. Инсан жөнүндө жалпы түшүнүк.
15. Инсанга таасир этүүчү негизги факторлор
16. Педагогикалык баарлашуунун жалпы түшүнүгү жана анын билим берүү процессиндеги ролу
17. Педагогикалык баарлашуунун негизги функциялары.
18. Кесиптик жана педагогикалык баарлашуунун стилдери
19. Мектепке чейинки билим берүү тарбиячысын даярдоо үчүн педагогикалык билим берүү мекемелеринин мүнөздөмөлөрү
20. Педагогикалык кесипти өздөштүрүүнүн жолдору
21. Тарбиячынын өзүн-өзү өнүктүрүү жолдору
22. Бала бакча жана ата- эне
23. Азыркы учурда педагогдун жаңы технологиялар менен иштөөсүнүн мааниси
24. Мектепке чейинки мекемелерде пландын түрлөрү
25. Педагогикалык чеберчиликтин негиздери

**Кошумча белги**: Рефератты аткарган студент ар бир тема үчүн 10 балл топтой алат.

**“Адистикке киришүү” дисциплинасы боюнча түзүлгөн**

**модулдун суроолору**

## 1-модуль

| | |
|---|---|
| 1. | Педагогикалык кесип, аны өздөштүрүү структурасы. |
| 2. | Педагогикалык кесиптин өзгөчөлүктөрү. |
| 3. | Педагогикалык кесиптин келечеги |
| 4. | Педагогикалык ишмердүүлүк. |
| 5. | Педагогикалык ишмердүүлүктүн гумандуулук табияты |
| 6. | Адистик үчүн маанилүү болгон педагогдогу личносттук сапаттар |
| 7. | Педагогикалык мамиле, тил табыша билүүчүлүк. |
| 8. | Педагогдун чыгармачылык жана кесиптик маданияты. |
| 9. | Педагогикалык маданият жана этика. |
| 10. | Педагогдун компетенттүүлүгү. |
| 11. | Педагогдун билимдүүлүк жана билгичтик сапаттары. |
| 12. | Компетенттүүлүк жөнүндө жалпы түшүнүк. |
| 13. | Педагогдун кесиптик позициясы. |
| 14. | Педагогикалык кесиптин өзгөчөлүктөрү |
| 15. | Азыркы бала бакчадагы тарбия максаты, мазмуну, технологиясы. |

## 2-модуль

| № | **Модулдун суроолору** |
|---|---|
| 1. | Педагогдун инсандыгына карата заманбап талаптар |
| 2. | Азыркы коомдо педагогдун ролу”. |
| 3. | Кесиптин билим берүү системасындагы орду. |
| 4. | Педагогдун педагогикалык чеберчилиги |
| 5. | Педагогикалык кесиптин келип чыгышы жана калыптанышы |
| 6. | Мектепке чейинки билим берүү мекемесинде тарбиячынын иш-шарттарынын өзгөчөлүктөрү анын укуктары жана милдеттери |
| 7. | Кесиптик өз алдынча билим алуу жана өзүн-өзү тарбиялоо түшүнүктөрү |
| 8. | Педагогдун кесиптик жактан өзүн-өзү тарбиялоосу. |
| 9. | Тарбиячынын өзүнүн инсандык сапатын жана кесибин жакшыртуу, жогорулатуу жолдору. |
| 10. | Тарбиячынын иштеринин негизги багыттары. |
| 11. | Педагогикалык иштин инновациялык багыты |
| 12. | Педагогдун кесиптик адеп-ахлактык маданияты. |
| 13. | Балдарды тарбиялоодо педагогдун ишмердүүлүгүнүн таасири |
| 14. | Педагогдун ишинин негизги функциялары, негизги багыттары жана формалары |
| 15. | Кесиптин ар тараптуулугу. |

## ОКУУ ПРЕДМЕТИНИН АДАБИЯТТАР МЕНЕН КАМСЫЗДАЛЫШЫ :

### НЕГИЗГИ АДАБИЯТТАР:


1. А.Исаев. “Педагогикалык кесипке киришуу” Бишкек-2008
2. В.В.Кузнецов “Введение в профессионально-педагогическую специальность” Москва Издатьельский центр”Академия” 2007
3. Н.Никитина,ятельнос Н.В.Кислинская “ Введение в педагогическую деятельность Теория и практика Москва-2018
4. В.В.Кузнецов ВВедение в педагическую деятельность Учебник и практикум для СПО Москва -2018
5. Т.Н. Черняева Введение в специальность Общие основы педагогики
6. Ж.Асанова Студенттерди педагогдун кесибине үйрөтүүнүн теориялык-практикалык негиздери Бишкек-1999
7. А.Г.Бермус “Введение в педагогическую деятельность” М-2013
8. С.Байгазиев. “Азыркы бала бакчадагы тарбия: максаты, мазмуну, жана технологиясы” Бишкек; 2009.


### КОШУМЧА АДАБИЯТТАР:


1. К.М.Торогелдиева; А.Аликова “Билим беруунун модернизациялоо шартында окутууга жаны мамиле” Бишкек- 2005

2. Э.Мамбетакунов; Т.М.Сияев. “ Педагогиканын негиздери” Б-НМУ; 2002.
3. Б.Апыш; Д.Бабаев; Т.Жоробеков “Педагогика” Бишкек 2002

4. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери.- Б. «Педагогика века», 2004. - 384 б.

5. Рахимова М.Р., Абдыкеримова М.А,, Курбанова Н.У.

Педагогиканын теориясы, системасы жана технологиясы. Бишкек - 2003

6. Рахимова М.Р., Панкова Т.В. Калдыбаева А.Т. Педагогикалык ойлордун'жана билим беруунун тарыхы Б., 2002

7. Мамбетакунов Э. Методология и качество

педагогических исследований,- Б.: Бишкек, КНУ им. Ж. Баласагына, 2006. - 1

8. Мамбетакунов Э, Сияев Т.М. Педагогиканын негиздери. Б.: НМУ, 2002. -

9. Апыш Б., Бабаев Д., Жоробеков Т. Педагогика. - Б.ОшМУ, 2002. -

10..Рахимова М.Р., Панкова Т.В., Калдыбаева А.Т Педагогикалык ойлордун жана билим беруунун тарыхы. -Б.:КМПУ, 2002. -

**“ АДИСТИККЕ КИРИШҮҮ ” ДИСЦИПЛИНАСЫ БОЮНЧА**

## Г Л О С С А Р И Й

**СЫРТКЫ МАДАНИЯТ- адамдын баарлашуусундагы жана ишмердигиндеги адамдын рухий дүйнөсү.**

**ИЧКИ МАДАНИЯТ – адамдын руханий баалуулуктарынын жыйындысы, адеп-ахлактык негизде жана көз караште өзүнүн ар намысын, кадыр баркын түшүнүү, идеалдарын билүүсү жана сезүүсү.**

**АДЕП-АХЛАК** – адамдарга жана табиятка акылдуулук, аярлуулук мамилесин жасоо. Адеп- ахлак баалуулуктарын жаш муундарды үй-бүлөдөн жана мектепке чейинки мекемелерде, мектепте тарбиялайбыз. Жаш муундарга тарбия берүүдө адеп-ахлак тарбиясы абдан маанилуу.Сүйүү, достук, каралашуу, жардам кылуу, сыйлоо, ыраазычылык ж.б ды балдардын адеп-ахлак түшүнүгүнө терең сиңируу зарыл, ошондо гана алар “жакшы”, менен “жамандын”, “туура” менен “ туура эмести” айырмалай билүүгө үйрөнүшөт.

**АКЫЛ-ЭС ТАРБИЯСЫ** – өсүп келе жаткан муунду жашоого, эмгекке даярдоонун эң маанилуу тарабы, акыл ишмердиктерине кызыктыруу менен акыл эсин өстүрүү, таанып-билүү жөндөмдүүлүктөрүн арттыруу, билимге, ага ээ болуунун ыкмалары менен куралдандырып, аларды практика жүзүндө колдонушуна көмөктөшүү, акыл эмгек маданиятын өнүктүрүү.

**АКЫЛ ДАЯРДЫГЫ-** жаны теманы өтүүдөн мурда окуучуларга күнүмдүк жашоодо кездешкен, темага багыт алдырууга даярдоочу, өзүнө тааныш чөйрө боюнча текстке байланыштуу кызыктыруучу суроолорду берүү аркылуу жаңы маалыматтарды түшүнүүгө даярдоо.

**ТАРБИЯЛЫК ИШТЕР -** тарбиялануучуларга алардын ар тараптан өнүгүүсү боюнча милдеттерди чечүү максатында тарбия берүү чөйрөсүн уюштурууга жана иштин ар турдүү түрлөрүн башкарууга багытталган педагогикалык иштердин түрү.

**БИЛИМ-** илимдин ар бир багыты боюнча жетишкендиктеринин жана жыйынтыктарынын дидактикалык ыкмалар менен иштелип чыккан жыйындысы.

**БИЛИМ БЕРҮҮ-** инсандардын илимий-билимди, практикалык билгичтикти, жана көндүмдөрдү өздөштүрүү менен бирге акыл-эстин, таанып билүүнүн, чыгармачылык өнүгүүнүн тигил же бул деңгээлине жетишүүсү.

**БИЛГИЧТИК-** инсандын өз алдынча жана акыл-эстүүлүк менен алган билимдерди практикада колдонуу ыкмаларына ээ болушу.

**ИНДИВИДУАЛДУУЛУК** – бул адамдык касиеттин аны башка адамдардан айырмалап турган жекече касиеттеринин уникалдуу айкалышы.

**ЖҮРҮМ-ТУРУМ** – белгилүү бир моралдык ченемдер менен чектелген жорук-жосундардын жана кыймыл-аракеттердин системасы. Жүрүм-турум адамдын мүнөз, темперамент, каалоо, ой-пикир, көркөм сезим сыяктуу касиеттеринин айлана-чөйрө менен байланышынан пайда болуп өсүп-өөрчүйт.Бул термин илимде айбанга карата да колдонулат, бирок айбан айлана-чөйрөгө ылайыкташат, байырлашат, ал эми адам болсо, ага акыл-эс менен (аң- сезимдүү) мамиле кылат, өз таасирин тийгизет, аны өз мүдөөсү учун пайдаланат, анын дүйнө мамилесинде белгилүү бир максат пайда болот.

**БААРЛАШУУ-** башка адамды туура кабыл алууну жана түшүнүүнү, аны менен өз ара аракеттешүүнүн бирдиктүү стратегиясын тандоону, маалымат алмашууну камтыган, биргелешкен ишмердүүлүктүн керектөөлөрүнөн жаралган, адамдардын ортосундагы байланыштарды түзүүнүн жана аны өркүндөтүүнүн татаал, коп кырдуу процесси. Бул процесс тарбия иштеринде өтө орчундуу орунду ээлейт. Баарлашуу – маданияттын пайда болушунун жана анын өнүгүшүнүн негизги факторлорунун бири, адамдын жашоосунун маданий феномени болгондуктан, таанып-билүүнүн, сактоонун, өзүнө ылайыктап өзгөртүүнүн жана маданияттын руханий, материалдык баалуулуктарын жаратуунун шарты жана каражаты.

**ТИЛ** – маданияттын күзгүсү, анда адамды курчап турган кадимки турмуш гана эмес, коомдук аң-сезим, элдин ой-жүгүртүүсүнүн өзгөчөлүгү, улуттук кулк-мүнөзү, жашоо образы, үрп-адаттары, каада-салттары, адеп-ахлагы, баалулуктар системасы, дүйнө таанымы чагылдырылат.

**КВАЛИФИКАЦИЯ -** даярдыктын же адистиктин алынган багыты боюнча белгилүү бир класстагы маселелерди чечүүгө кесиптик даярдыктын белгилүү бир түрү жана деңгээли.

**ТАРБИЯ** – өнүгүп келе жаткан адамга коомдун таасир бериши. Ошондуктан, коом өлкө ар бир эл, ар бир мамлекет жаш муундарды окутуу жана тарбиялоо жөнүндө өзгөчө кам корот. Тарбия –бул философиялык тил менен айтканда түбөлүктүү категория. Себеби, коом канча жашаса, тарбия ошончо жашайт. Тарбия- бул системалуу, үзгүлтүксүз жана багытталган тышкы таасирлердин жыйындысы б.а аң-сезимдуу ишмердүүлүк. Тарбия – жаш муундарда коомдук, өндүрүштүк жана маданий турмушка даярдоо максатында жашоонун белгилүү деңгээлдеги билимин, б.а балдарды бардык жактан ( адеп, дене, акыл-эс) максатка ылайыктуу багытта калыптандыруучу процесс. Тарбия- балдардын коомдук маданиятты жана улуу муундун үлгүлүү тажрыйбаларын үйрөнүүсү.

**ТАРБИЯЛОО – улуу муундун кийинки жаш муундарга адамзат топтогон бардык тажрыйбаны өткөрүшү.** Тарбиялоо- бул коомдун мүдөөлөрүнө жана муктаждыктарына жараша адамдын адеп-ахлак сапаттарын калыптандыруу боюнча максатка багытталган план ченемдүү иш.

**ЭТИКА-** грек.тилинен которгондо , ethos- адат, салт, каада деген маанини түшүндүрөт. Этиканын изилдөө объектиси мораль болуп эсептелет, философия илиминин бир булагы болуп саналат. Адамдын кулк-мүнөзү, жүрүм-туруму жөнүндө изилдейт. Б.а. Этика- адеп, сылыктык, тартип ченеми.

**КАЛЫПТАНДЫРУУ** – адамдын инсан катары, башкача айтканда социалдык объект катары тышкы жана ички факторлордун таасири алдындагы өнүгүү процесси.

**ӨНҮГҮҮ – адамдын организминдеги сандык жана сапаттык өзгөрүү процесси жана анын жыйынтыгы.**

**КӨНДҮМ-** көптөгөн кайталоонун негизинде билгичтиктин жогорку деңгээлге жетиши.

**ЧӨЙРӨ** – инсандын өнүгүүсүндөгү аны курчап турган чыныгы жаратылыштык жана социалдык дүйнө.

**ЖАЛПЫ МАДАНИЯТ** – бул адамдын өзүнүн кесиптик ишинде жүзөгө ашырылган социалдык жактан маанилүү инсандык мүнөздөмөлөрүнүн жетилгендигинин жана өнүгүшүнүн жыйындысы.

**ЖӨНДӨМДҮҮЛҮК** – бул адамдын интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн көлөму жана анын ишмерүүлүгүнүн өзгөчолүгү менен шартталган жөндөмдүүлүктүн биримдиги болуп саналат.

**ПЕДАГОГИКАЛЫК ИШ** – бул коомдо белгилүү бир социалдык ролдорду аткарууга даярдоого алардын инсандык өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүүгө адамзат тарабынан топтолгон маданият тажрыйбасын улуу муундун кенже муундарга өткөрүп берүүгө багытталаган социалдык иштин түрү .

**ПЕДАГОГИКАЛЫК КАЙДЫГЕРЛИК** – педагогикалык процесстин туруктуу даана түшүнүктөрүн бурмалоо, коомдук жүрүм-турум менен шартталган адеп-ахлактык көндүмдөрдүн, адепсиздиктин чөйрөгө таасир этүүсүнө жол берүү кемчилиги.

**ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТ** – педагогдун иш-аракетинин жана кесиптик жүрүм-турумунун педагогикалык баалуулуктар системасы.

**ПЕДАГОГИКАЛЫК БААЛУУЛУКТАР** – бул өздөштүрүлгөн ички эмоционалдык ишмердүүлүктү жөнгө салуу, аныктоо, айланасындагы дүйнөгө жана өзүнө өзү кесиптик ишмердүүлүгүнүн мазмунун жана мүнөзүн кесиптик ишинде так аткаруусун моделдөө. Педагогдун күч жана убакытты бирдей пайдалануу менен жогорку натыйжаларга жетүү мүмкүнчүлүгү.

**ТАРБИЯЛООНУН МЕТОДДОРУ** – тарбия процессинде, тарбиялануучулардын ар кандай ишмердүүлүгүн уюштурууда алардын инсандык сапаттарын, касиеттерин, көз караштарын, ынанымдарын, көнүмүш адаттарын тарбиялоонун максаттарына ылайык өнүктүрүүгө, калыптандырууга багытталган атайын ыкмалардын жыйындысы.

**ИНСАН** – өзүно тиешелүү интеллектуалдык, эмоциялык, эрктик жекече белгилери жана сапаттары бар адам; адамды коомдун мүчөсү же калктын бөлүгү катары мүнөздөөчү социалдык маанилүү белгилердин туруктуу системасы.

**ӨЗҮН-ӨЗУ ТАРБИЯЛОО -** адептүүлүктүн, ыймандуулуктун башаты. Ар бир адамдын өзүнүн мыкты жана кемчилик жактарын башка адам аркылуу көрүүсү жана туюусу.

**ПОЗИЦИЯ** - бул окутуу жана билим берүү ишинин чындыгы, дүйнө боюнча интеллектуалдык эрктик жана сезимдик баалуулук мамилелер системасы болуп саналат.

**ОКУТУУ-** бул окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн башкарууга багытталган педагогикалык иш-аракеттердин эң негизги түрү болуп саналат.

**АДИСТИКОГРАММА** – бул педагогдун толук квалификациялык мүнөздөмөсү жана анын инсандык сапаттарына, билимине, билгичтиктерине, жөндөмдүүлүктөрүнө жана көндүмдөрүнө коюлуучу талаптардын позициясынан турган документ болуп саналат.

**КЕСИПТИК ДАЯРДЫК** – бул адамдын кесиптик шартталган талаптарынын жыйындысы болуп саналат.

**КЕСИПТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮК** – педагогдун кесиптик педагогикалык ишти жүзөгө ашырууга теориялык жана практикалык даярдыгынын бирдиктүүлүгү.

**КЕСИПКЕ ЖАРАМДУУЛУГУ** - педагог тандап алган кесиптин ийгилигине жетишүү үчүн зарыл болгон психикалык жана психофизиологиялык өзгөчөлүктөрүнүн жыйындысы.

**КЕСИП** – бул атайын теориялык билимдерди жана практикалык көндүмдөрдү талап кылуучу эмгек ишмердүүлүгүнүн негизги түрү.

**АДИСТИК** – кесип алкагындагы сабактардын түрү жана жыйындысы.

**МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ** – билим алуунун формасына карабастан окуучулардын жетишкендиги ишке ашырылышы керек болгон билим денгээлин аныктоочу негизги документ болуп саналат.

**ДИДАКТИКА** – педагогиканын бир тармагы, билим берүү жана окутуу теориясы; жана ошондой эле билим берүү жана тарбиялоо каражаты катары окутуу предмети болуп саналат.

**ПЕДАГОГИКАЛЫК ИННОВАЦИЯ** – билим берүү чөйрөсүнө киргизилген анын компоненттеринин айрым бөлүктөрүнүн жана жалпы билим берүү чөйрөсүнүн мүнөздөмөлөрүн жакшырткан туруктуу элементтерди максаттуу өзгөртүү.

**ОКУУ ПЛАНЫ** – окуу жайында окулуп жаткан окуу сабактарынын курамын башкача айтканда окуу жылынын негизинде жумалык жана бир жылдык сандагы убакытты бөлүштүрүүнү аныктаган ченемдик ( нормативдик) документ болуп саналат.

**ОКУУ ПРОГРАММАСЫ** – ар бир өзүнчө бөлүнгөн окуу предмети боюнча өздөштүрүүгө негизделген көндүмдөрдүн, билгичтиктердин билимдеринин чөйрөсү аныкталаган ченемдик (нормативдик) документ. Окуу программасынын төмөнкүдөй түрлөрү бар : типтүү программа; вариативдүү программа; жумушчу программа; модификацияланган программа ж.б.